

# ЭҢ ЫЙЫК РОЗАРИЙ

AD MAJOREM DEI GLORIAM



Кыргыз Республикасындагы Католик Апостолдук Администрациясы, Бишкек (c) 2024
www.catholic.kg



# РОЗАРИЙ
# МАШАЯКЧЫЛАРДЫН ТЕСПЕСИ

«Розарий» роза гүлүнөн жасалган гүлчамбар. Мариям кызды сыйлап урматтагандар Анын келбетин гүлдесте менен кооздошчу. Бирок “Розарий” эң баалуу, сыйынуу жана ой жүгүртүүдөн турган гүлчамбар болуп эсептелет.

Чиркөө жетекчилери жана ишенгендердин айтымы боюнча Ыйсанын Энеси - Өзү Ыйык Доминикке (1170-1221) көрүнүп, аны Розарий менен сыйынууга үйрөткөн. XVI кылымда Розарий Европада кеңири таркаган болчу. Папа Григорий XIII бул сыйынуу асмандан экенин белгилеген, ал эми Папа Климент XI, 7 - чи октябрды Розарийдин Ханышасы, Мариям кыздын күнү деп белгилеген. Папа Лев XIII: “Розарий, - бул жакырчылыкка жана кыйынчылыка каршы күрөшкөнгө эң күчтүү курал.” - деген. 13 Май айында, 1917 - Фатима көрүнүш жылда, Мариям Өзүн Розарийдин Ханышасы деп жана бул сыйынууну ар күнү окугула деп өтүнгөнү көрүнгөн.

Папа Иоанн Павел II мындай деген: «Бул Мариямга кайрылган сыйынуу. Бирок, бул биздин Мариям менен чогуу окуган сыйынуубуз. Суранам силерден - Розарийди окугула. Ким ооруп, кыйналып жатса, теспени колунан түшүрбөсүн. Кыйналып жаткан убактагы сыйынуу, күчтүү болот».

Розарий бул — теспе менен оозеки жана ой жүгүртүү аркылуу сыйынуу. Ыйсанын жана Мариямдын өмүр баяны жөнүндө ой жүгүртүп, үлгү-насаат алып, ар бир окуяга оозеки сыйынууларыбызды кошобуз: «Асмандагы Атабыз», «Салам, Мариям», «Ата, Уул, Ыйык Рухка даңк» жана башка кыскача сыйынуулар.

Бүт Розарий 20 окуяны камтыйт; алар беш — бештен турган же жашыруун сырлар, алардын бешөө кубаныч сырлар, Ыйса Машайактын бала чагы; бешөө — кайгылуу сырлар, Анын азап тартканы жана өлүмү; бешөө — даңктуу сырлар, бул Ыйса менен Мариямдын түбөлүк асмандагы даңкын эстетет; жана бешөө — жарык сырлар, Анын эрдиги, акырындык менен айкаш жыгачка чыгуу.

Ошентип Розарий 4 бөлүккө бөлүнөт, ар бири бештен жашыруун сырлар деп аталган ой жүгүртүү темаларынан турат.

• Кубанычтуу сырлар;
• Кайгылуу сырлар;
• Даңктуу сырлар;
• Жарык сырлар;

Күнүгө Розарийдин бири окулат:
Дүйшөмбү жана Ишембиде, - “Кубанычтуу сырлар”;
Шейшемби жана Жумада, - “Кайгылуу сырлар“;
Шаршемби, Жекшемби күнү, - “Даңктуу сырлар“;
Бейшембиде Розарийдин “Жарык сырлары” окулат.

Жекшемби күнү — чиркөөдө майрамга да карата окулат:
Адвент (Куткаруучуну күткөн убакыт) жана Ыйсанын төрөлгөн күнүнө карата, - Кубанычтуу сырлар, Улуу Орозо күндөрдө - Кайгылуу сырлар, Пасхада - Даңктуу сырлар; .

# ДҮЙШӨМБҮ, ИШЕМБИ

# КУБАНЫЧТУУ СЫРЛАР

Айкаш белгисин жасап, төмөнкүлөрдү айтабыз:

Атабыздын, жана Уулусунун, жана Ыйык Рухтун атынан.
Оомийин.

Теспедеги айкаш жыгачты өпкөндөн соң Розарийдин
кириш сыйынуусу окулат:

Кудайыбыз Ыйса Машайак! Мен бул Ыйык Розарийди Сенин ысымыңдын данкы үчүн Сенин Ыйык Энеңдин наамына жана жандардын куткарылашына арнайм.

Анан Апостолдук ишеним символу окулат:

Ишенем Асман-жерди жараткан Кудуреттүү Кудай Атабызга, жана анын жалгыз Уулусуна, биздин Ханыбыз Ыйса Машайакка, Ыйык Рухтан бүткөн, Мариям кыздан төрөлгөн, Понтий Пилаттын учурунда азап тарткан, айкаш жыгачка керилген, өлгөн жана көмүлгөн. Тозокко түшүп үчүнчү күнү өгөндөрдөн тирилген, асманга көтөрүлүп, эми Кудуреттүү Кудай Атабыздын оң жагында отурган, ал жактан өлгөндөрдү жана тирүүлөрдү соттош үчүн келе турган. Ишенем Ыйык Рухка, Ыйык Католик Чиркөөсүнө, ыйыктардын мамилесине, күнөөлөрдүн кечирилишине, дененин тирилүүсүнө жана түбөлүк өмүргө. Оомийин.

**1 Асмандагы Атабыз**, **3 Шаттан, Мариям** окуп (ишенимдин, үмүттүн жана сүйүүнүн көбөйүүсү үчүн) кийин **1 Кудай Атабызга Даңк** окулат:

## Асмандагы Атабыз (Кудайга сыйынуу)

Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун. Сенин Ханчылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын. Күнүмдүк наныбызды бүгүн да берип, карыздарыбызды кечирип кой, биз да биздин карызкорлорубузду кечиргенибиздей. Азгырылышыбызга жол бербей, бизди жамандыктан сакта. Оомийин.

## Шаттан, Мариям (Периштелердин саламдашуусу)

Салам Мариям, Кудайдан ырайым тапкан кыз! Кудай сени менен! Аялдардын арасынан сен баталуусуң, түйүлдүгүң ичиндеги Ыйса-балаң да баталуу! Кудайдын Энеси, Ыйык Мариям, биз үчүн, күнөөкөрлөр үчүн азыр жана өлүм убагыбызда сыйынып тур. Оомийин.

## Кудай Атабызга Даңк

Атабызга, жана Уулусуна, жана Ыйык Рухка даңк, башталгандан бери, азыр да, жана ар дайым, түбөлүккө чейин. Оомийин.

---

### Биринчи кубанычтуу сыр



Жакшы кабар

Ошон үчүн силерге Кудай Өзү аян берет: Кыз кош бойлуу болуп, Уул төрөйт, Ага Эмануел деген ат коюшат. (Ыш. 7: 14)

Алтынчы айда Кудай Галилеянын Назарет деген шаарына, Дөөт тукумунан чыккан Жусуп деген адам менен убадалашып койгон кызга Жебирейил периштени жиберди.

Кыздын ысымы Марияма эле. Периште ага келип: «Салам, Кудайдан ырайым тапкан кыз! Кудай сени менен! Аялдардын арасынан сен баталуусуң!» – деди. Периштенин сөзүнө апкаарый түшкөн Мариям бул саламдашуу эмнени билдирет деп, ойлонуп калды. Ошондо периште ага мындай деди: «Коркпо, Мариям! Анткени сен Кудайдан ырайым таптың. Боюңа бүтүп, Уул төрөйсүң, Анын ысымын Ыйса коёсуң. Ал улуу болот жана Бардыгынан Жогору Тургандын Уулу деп аталат. Кудай Ага атасы Дөөттүн тагын берет. Ал Жакыптын тукумуна түбөлүккө ханчылык кылат, Анын ханчылыгынын чеги болбойт». Мариям периштеден: «Эркек көрбөсөм, бул кандайча болот?» – деп сурады. Периште ага мындай деп жооп берди: «Сенин үстүңө Ыйык Рух түшөт. Сени Бардыгынан Жогору Тургандын күчү каптайт. Ошондуктан төрөлө турган Ыйыкка Кудайдын Уулу деген ысым берилет. “Төрөбөс” деп аталган тууганың Элизабет да карыганда кош бойлуу болду. Ал уул төрөйт, анын боюна бүткөнүнө алты ай болду. Анткени Кудайдын бир да сөзү күчүн жоготпойт». Ошондо Мариям: «Мен мына, мен Кудайдын кулумун. Мага сен айткандай болсун», – деди. (Лк. 1: 26-38)

Сырдын мөмөсү: **момундук.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

## Экинчи кубанычтуу сыр



Мариям Элизабетке
келет

Ошол күндөрдүн биринде Мариям тоолуу Жүйүт өлкөсүнүн бир шаарына шашылыш түрдө жөнөдү. Ал Захариянын үйүнө кирип, Элизабет менен саламдашты. Мариямдын саламын укканда, Элизабеттин ичиндеги баласы туйлап жиберди. Ошондо Элизабет Ыйык Рухка толуп, үнүн бийик чыгарып, мындай деди: «Аялдардын арасынан сен баталуусуң, түйүлдүгүң ичиндеги бала да баталуу! Кудайымдын энеси мага келгидей, мен киммин? Анткени сенин саламыңды укканымда, ичимдеги бала кубанычтан туйлап жиберди. Ишенгениң үчүн бактылуусуң, анткени Кудайдын сага айткан сөзү аткарылат». Мариям мындай деди: «Менин жаным Кудайды даңктайт. Куткаруучум Кудайды ойлоп, рухум кубанды. Анткени Ал Өзүнүн кулунун момундугуна назарын салды. Анткени мындан ары бардык муундар мени “бактылуу” дешет. Анткени Кудуреттүү мага улуу иш жасады. Анын ысымы ыйык. Ал Өзүнөн корккондорго укумдан-тукумга ырайым кылат. Ал Өзүнүн колунун күчүн көрсөттү. Жүрөгүндөгү ойлору текеберлерди чачыратып жиберди. Күчтүүлөрдү тактыларынан түшүрүп, момундарды көтөрдү. Ачкаларга ырыскыны мол берди, байларды болсо куру кол коё берди. Биздин ата-бабаларыбызга, Ыбрайымга жана анын тукумуна түбөлүккө ырайым кылууну убада кылганын эстеп, Өзүнүн кулу Ысрайылга жардамга келди». (Лк. 1: 39-55)

Сырдын мөмөсү: **жакынга болгон сүйүү.**

**1 Асмандагы Атабыз; 10 Шаттан, Мариям; 1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Үчүнчү кубанычтуу сыр



Ыйса Машайактын төрөлүшү

Бирок Сен, Бейт-Лехем Эфрата, Жүйүттүн миңдеген уруулармынын ичинен кичине болсоң да, сенден Мен үчүн Ысрайылга Эгедер боло турган Адам чыгат, Ал эң башында эле, байыркы күндөрдө эле төрөлгөн. (Мих. 5: 2)

Алар Бейт-Лехемге келишкенде, Мариямдын төрөөр маалы келип, тун Уулун төрөдү. Аны ороп, сарайдагы акырга жаткырды, анткени мейманканада аларга орун жок болчу Ошол жерде түнкүсүн талаада түнөп малын кайтарган койчулар бар эле. Күтүлбөгөн жерден аларга Кудайдын периштеси көрүнүп, Кудайдын даңкы жаркырады. Койчулар аябай коркуп кетишти. Периште аларга: «Коркпогула! Мен силерге бардык адамдарды сүйүнтө турган чоң кубанычты жарыялайм. Бүгүн Дөөттүн шаарында силер үчүн Куткаруучу төрөлдү. Ал – Машайак Кудай. (Лк. 2: 6-11)
Күтүлбөгөн жерден периште менен бирге асман аскерлеринин тобу көрүнүп: «Асмандагы Кудайга даңк! Жер үстүндө, Кудайга жаккан адамдар арасында тынчтык болсун», – деп, Кудайды даңкташты. (Лк. 2: 13-14)
Алар шашылыш түрдө келишип, Мариям менен Жусупту, акырда жаткан Наристени көрүштү. Аларды көрүшкөндөн кийин, бул Наристе жөнүндө уккандарын айтып беришти. Ошондо угуп тургандардын бардыгы койчулардын сөздөрүнө таң калышты. Мариям болсо бул сөздөрдүн бардыгын көңүлүнө түйүп, эсине сактады. Койчулар көргөндөрүнүн, уккандарынын баары периштенин айтканындай болгону үчүн Кудайды даңктап, мактап, кайра кайтышты. (Лк. 2: 16-20)

Ирод ханнын убагында, Жүйүт жеринин Бейт-Лехем деген шаарында, Ыйса төрөлгөндө, чыгыштан Иерусалим шаарына даанышмандар келип: «Жүйүттөрдүн жаңы төрөлгөн Ханы кайда? Чыгыштан биз Анын жылдызын көрүп, Ага таазим кылганы келдик», – дешти. (Мт. 2: 1-2)

Жылдыздын токтогонун көргөндө, даанышмандар аябай сүйүнүп кетишти. Анан алар үйгө кирип, Наристени жана Анын энеси Мариямды көрүштү. Ошондо алар жүзтөмөндөп жыгылып, Ага таазим кылышты. Сандыкчаларын ачып, Ага ладан, смирна деген жыпар жыттуу заттарды жана алтын тартуу кылышты. (Мт 2: 10-11)

Сырдын мөмөсү: **жакырчылыктын руху.**

**1 Асмандагы Атабыз; 10 Шаттан, Мариям; 1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Төртүнчү кубанычтуу сыр



Ыйсаны Кудайга арноо

Мусанын мыйзамы боюнча алардын тазалануу убагы бүткөндөн кийин, алар Ыйсаны Кудайдын алдына алып баруу үчүн, Иерусалимге алып келишти. Анткени Кудайдын мыйзамында: «Сүннөткө отургузулган ар бир тун эркек бала Кудайга арналсын», – деп жазылган. Алар Кудайдын мыйзамы боюнча эки бактек же эки жаш көгүчкөндү курмандыкка чалуулары керек эле. Ошол убакта Иерусалимде Шымыйон деген адам жашачу. Ал Ысрайыл элинин сооронор мезгилин күтүп жүргөн, Кудайдан корккон, Ыйык Рухтун жетеги менен жашаган адил адам эле. Ага Ыйык Рух тарабынан: «Кудайдын Машайагын көрмөйүнчө, өлбөйсүң», – деп алдын ала айтылган эле. Ал Ыйык Рухтун жетеги менен ийбадатканага келди. Мыйзамды аткаруу үчүн, ата-энеси Наристе Ыйсаны ийбадатканага алып келишкенде, Шымыйон Аны колуна алып, Кудайды даңктап, мындай деди: «Эгедер Кудайым, эми Өз сөзүң боюнча Өз кулуңду тынчтык менен коё бересиң. Анткени мен Сенин бардык элдердин алдында даярдаган куткарууңду, бутпарастардын көзүн ача турган жарыкты, Ысрайыл элиңдин даңкын көрдүм». Наристе жөнүндө айтылган сөздөргө Жусуп да, Мариям да таң калды. Анан Шымыйон аларга батасын берип, Наристенин энеси Мариямга: «Бул Наристе Ысрайыл жеринде көптөрдүн жыгылуусунун жана көптөрдүн жогору көтөрүлүүсүнүн, талаш-тартыштын себепкери болот. Көптөрдүн жүрөктөгү ойлору ачылат. Ал эми сенин жүрөгүң тилингендей болот», – деди. Ошол жерде Ашыр уруусунан чыккан Пануел кызы Анна деген карыган пайгамбар аял бар эле. Ал күйөөсү менен жети жыл гана жашаган. Сексен төрт жаштагы бул жесир аял орозо кармап, сыйынып, Кудайга күнү-түнү кызмат кылып, ийбадатканадан кетчү эмес.Ошол учурда ал да келип, Кудайды даңктап, Иерусалимдин эркиндикке чыгуусун күтүп жүргөндөрдүн бардыгына Ал жөнүндө айтып берди. (Лк. 2: 22-38)

Кудай мындай дейт: «Мына, Мен негиз кылып Сионго таш коём, ал таш – сыналган, бурчка коюлуучу, кымбат баалуу, бекем орнотулган таш: ага ишенген адам уятка калбайт. (Ыш. 28: 16)

Сырдын мөмөсү: **тазалык жана тил алчаактык.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Бешинчи кубанычтуу сыр



Жоголуп кеткен өспүрүм Ыйсаны Кудайдын ыйбадатканасынан табышы

Жыл сайын Ыйсанын ата-энеси Иерусалимге Пасах майрамына барышчу. Ыйса он эки жашка чыкканда да, алар адаттагыдай эле Иерусалимге майрамга барышты. Майрам күндөрү аяктап, үйлөрүнө кайтышканда, өспүрүм Ыйса

Иерусалимде калып калды. Муну Жусуп да, Анын энеси да байкаган жок. Аны башкалар менен келе жатат деп ойлошту. Бир күн жол жүрүшкөндөн кийин, алар Аны туугандарынын жана тааныштарынын арасынан издей башташты.
Таппай коюшкандан кийин, Аны издеп, кайра Иерусалимге келишти. Үч күндөн кийин Аны ийбадатканадан, устаттардын ортосунда сөз угуп, суроо берип отурган жеринен табышты. Угуп отургандардын бардыгы Анын акылына жана берген жоопторуна таң калышты. Ата-энеси Аны көрүп, таң калды. Энеси Ага: «Балам, бул эмне кылганың? Ыйса аларга: Мени эмнеге издейсиңер? Атамдын үйүндө болушум керек экендигин билген эмес белеңер — деди? Бирок алар айтылган сөздөрдүн маанисин түшүнүшкөн жок.
(Лк.2: 41-50)

Сырдын мөмөсү: **баш ийүү.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

## Даңктан, Ханыша

Даңктан, Ханыша, Мээримдүү Эне, биздин жашоо, кубаныч жана үмүт, даңктан. Биз Сага жалынып, боздоп ыйлайбыз, Обо эненин балдары болуп, Сага онтоп, ыйлап, бул көз жаш толгон өрөөнүндө. Эй, биздин Шапаатчыбыз! Мээримдүү көздөрүңдү бизге буруп, бул куугундуктагандан кийин бизге түйүлдүгүң ичиндеги баталуу Ыйса-балаңды көрсөт. Оо жооштук, оо мээрим, оо кубаныч, Мариям Кыз.

## Акыркы сыйынуу

Кудайым, Сенин Жалгыз Уулуң Өзүнүн өмүрү, өлүмү жана тирилүүсү менен түбөлүк куткарылууга жол ачты. Сенден суранабыз: бизди ушул Ыйык Мариям Кыздын ыйык Розарийиндеги сырлары жөнүндө ой жүгүртүү менен дагы берилген үлгүлөрдү аткарганга жана берген убадаларыбызды орундатканга ылайык болгудай кыла көр Машайак-Кудайыбыз аркылуу. Омийин.

# ШЕЙШЕМБИ, ЖУМА

# КАЙГЫЛУУ СЫРЛАР

Айкаш белгисин жасап, төмөнкүлөрдү айтабыз:

Атабыздын, жана Уулусунун, жана Ыйык Рухтун атынан.
Оомийин.

Теспедеги айкаш жыгачты өпкөндөн соң
Розарийдин кириш сыйынуусу окулат:

Кудайыбыз Ыйса Машайак! Мен бул Ыйык Розарийди Сенин ысымыңдын данкы үчүн Сенин Ыйык Энеңдин наамына жана жандардын куткарылашына арнайм.

Анан Апостолдук ишеним символу окулат:

Ишенем Асман-жерди жараткан Кудуреттүү Кудай Атабызга, жана анын жалгыз Уулусуна, биздин Ханыбыз Ыйса Машайакка, Ыйык Рухтан бүткөн, Мариям кыздан төрөлгөн, Понтий Пилаттын учурунда азап тарткан, айкаш жыгачка керилген, өлгөн жана көмүлгөн. Тозокко түшүп үчүнчү күнү өгөндөрдөн тирилген, асманга көтөрүлүп, эми Кудуреттүү Кудай Атабыздын оң жагында отурган, ал жактан өлгөндөрдү жана тирүүлөрдү соттош үчүн келе турган. Ишенем Ыйык Рухка, Ыйык Католик Чиркөөсүнө, ыйыктардын мамилесине, күнөөлөрдүн кечирилишине, дененин тирилүүсүнө жана түбөлүк өмүргө. Оомийин.

**1 Асмандагы Атабыз**, **3 Шаттан, Мариям** окуп (ишенимдин, үмүттүн жана сүйүүнүн көбөйүүсү үчүн) кийин **1 Кудай Атабызга Да**ңк окулат:

## Асмандагы Атабыз (Кудайга сыйынуу)

Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун. Сенин Ханчылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын. Күнүмдүк наныбызды бүгүн да берип, карыздарыбызды кечирип кой, биз да биздин карызкорлорубузду кечиргенибиздей. Азгырылышыбызга жол бербей, бизди жамандыктан сакта. Оомийин.

## Шаттан, Мариям (Периштелердин саламдашуусу)

Салам Мариям, Кудайдан ырайым тапкан кыз! Кудай сени менен! Аялдардын арасынан сен баталуусуң, түйүлдүгүң ичиндеги Ыйса-балаң да баталуу! Кудайдын Энеси, Ыйык Мариям, биз үчүн, күнөөкөрлөр үчүн азыр жана өлүм убагыбызда сыйынып тур. Оомийин.

## Кудай Атабызга Даңк

Атабызга, жана Уулусуна, жана Ыйык Рухка даңк, башталгандан бери, азыр да, жана ар дайым, түбөлүккө чейин. Оомийин.

---

## Биринчи кайгылуу сыр



Ыйса Машайактын Гетсеман багындагы сыйынуусу

Анан Ыйса шакирттери менен Гетсемани деген жерге келип, аларга: «Мен тигил жакка барып сыйынып келгиче, ушул жерде отура тургула», – деди. Ал Петир менен Зебедейдин эки уулун жанына ээрчитип алды. Анын көңүлү чөгүп, жаны кейип турду. Ыйса аларга: «Жаным аябай кыйналып турат. Бул жерде калып, Мени менен бирге сергек болгула», – деди.

Анан Ал бир аз нарыраак барып, жүзтөмөндөп жыгылып, сыйына баштады: «Ата! Мүмкүн болсо, ушул чөйчөк Менин жанымдан кыя өтүп кетсинчи. Бирок Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун». (...) «Жада калса, бир саат Мени менен бирге сергек болуп тура албадыңарбы? Азгырылып кетпеш үчүн, сергек болгула жана сыйынгыла, анткени рух сергек, дене алсыз». (...) «Ата! Бул чөйчөктүн Менден кыя өтүп кетиши мүмкүн эмес болсо, эгерде Мен андан ичишим керек болсо, анда Сен каалагандай болсун». (Мт. 26: 36-42)

Кыйналып жатканында, Ал бүт күчү менен сыйынды. Анын тери кандын тамчысына окшоп жерге таамп жатты. (Лк. 22: 44)

Анан шакирттеринин жанына келип, мындай деди: «Силер дагы эле уктап, эс алып жатасыңарбы? Мына, убакыт келип калды, Адам Уулун күнөөкөрлөрдүн колуна салып беришет. Тургула, кетели. Мына, Мага чыккынчылык кыла турган адам жакын келип калды». (Мт. 26: 45-46)

Ыйса муну айтып бүтө электе эле, он экинин бири Жүйүт жана кылыч, союл көтөргөн бир топ адам келип калды. Аларды башкы ыйык кызмат кылуучулар, мыйзам окутуучулар жана аксакалдар жиберишкен эле. Ыйсага чыккынчылык кылуучу аларга: «Мен кимди өпсөм, Ал – Ошол. Аны кармап, сактык менен алып кеткиле», – деген эле. Жүйүт келери менен, Ыйсанын жанына барып: «Рабби! Рабби!» – деп, Аны өптү. Ошондо алар Аны кармап алышты. (Мк. 14: 43-46)

Кудай менин Кайтаруучум. Мен эч нерсеге муктаж болбойм. Өлүм көлөкөсүнүн өрөөнүндө жүрсөм да, жамандыктан коркпойм, анткени Сен мени менënсиң. Сенин бийлик таягың менен койчу таягың жанымды тынчтандырат. (Заб. 22: 1, 4)

Сырдын мөмөсү: **Кудайдын эркине баш ийүү.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мариям**; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Экинчи кайгылуу сыр



Ыйса Машайактын
азапка алынышы

(...) «Менин Ханчылыгым бул дүйнөдөн эмес. Эгерде Менин Ханчылыгым бул дүйнөдөн болсо, анда кызматчыларым Мени жүйүттөрдүн колуна түшүрбөө үчүн күрөшүшмөк. Менин Ханчылыгым бул дүйнөдөн эмес».
Ошондо Пилат Ага: «Демек, Сен Хан экенсиң да?» – деди. Ыйса ага: «Өзүң айтып жатасың. Мен Ханмын. Мен чындык жөнүндө күбөлөндүрүү үчүн төрөлгөм жана ошол үчүн бул дүйнөгө келгем. Ким чындык тарапта болсо, ал Менин үнүмдү угат», – деди.

Пилат Андан: «Чындык деген эмне?» – деп сурады да, кайра чыгып, элге мындай деди: «Мен Андан эч кандай айып тапкан жокмун.»
Силердин салтыңар боюнча Пасах майрамы сайын бир туткунду бошотуп берчү эмес белем. Каалайсыңарбы, мен силерге жүйүт Ханын бошотуп берейин?»
Ошондо алар: «Аны эмес, Бараббаны!» – деп кыйкырышты. Варавва болсо кылмышкер эле.
Ушундан кийин Пилат Ыйсаны камчы менен сабаттырды (Жакан 18: 36-40, 19: 1)

Сырдын мөмөсү: **денени өлтүрүү.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мариям**; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

## Үчүнчү кайгылуу сыр



Тикенек таажынын
кийгизилиши

«Мен Өз жанымды беремин, ошон үчүн Атам Мени жакшы көрөт. Мен Өз жанымды кайра алуу үчүн беремин. Менден аны эч ким тартып албайт, Мен аны Өзүм берем. Аны берүүгө жана кайра алууга бийлигим бар. Бул осуятты Мен Атамдан алгам». (Жакан 10: 17-18)

Башкаруучунун аскерлери Ыйсаны хан сарайына алып келишти да, бүт аскер бөлүгүн Анын тегерегине чогултушту. (Мт. 27: 27)

Аскерлер тикенектен таажы өрүп, Ыйсанын башына кийгизишти да, үстүнө кочкул кызыл түстөгү чапан жабышты. Анан алар: «Салам, жүйүт Ханы!» - деп, Аны жаака чапкылашты. (Жакан 19: 2-3)

Ага түкүрүштү, чыбык менен башка чапкылашты. Келекелешкенден кийин, Андан хандар кийүүчү кочкул кызыл чапанды чечип алып, Өз кийимин кийгизишти. Анан Аны айкаш жыгачка кадоо үчүн алып жөнөштү. (Мт. 27: 30-31)

Кудайым менин жарыгым, менин куткаруучум: кимден коркмок элем? Кудай – менин өмүрүмдүн тиреги: кимден үрөйүм учмак эле? Мага кошуун каршы чыкса да, менин жүрөгүм коркпойт. Мага каршы согуш чыкса да, Кудайга таянам. (Заб. 26: 1,3)

Сырдын мөмөсү: **Ыйса Машайакка баш ийүү.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Төртүнчү кайгылуу сыр



Айкаш жыгачты көтөрүшү

(...) Ыйса Өзүнүн айкаш жыгачын көтөрүп, «Баш сөөгү» деп аталган жерге жөнөдү. Бул жердин эврейче аталышы – Голгофа. (Жакан 19: 16-17)

Ыйсанын артынан өтө көп эл ээрчип бара жатты. Алардын арасында Ал үчүн боздоп ыйлаган аялдар бар эле. Ыйса аларга бурулуп, мындай деди: «Иерусалимдик кыздар, Мен үчүн ыйлабагыла, өзүңөр үчүн, балдарыңар үчүн ыйлагыла. Анткени: “Тукумсуз, бала төрөбөгөн, эмчек эмизбеген аялдар бактылуу”, – деп айтыла турган күндөр келет. (Лк. 23: 27-28)

Анан Ыйса шакирттерине мындай деди: «Ким Мени ээрчигиси келсе, ал өзүнөн баш тартсын жана өз айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин. Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат. (Мт. 16: 24-25)

Машайак аркылуу Өзүнүн алдында бизди адилеттүү кылыш үчүн, күнөөнү билбеген Машайакты биз үчүн күнөөлүдөй кылды. (2 Кор. 5: 21)

Аны катуу кыйнашты, бирок Ал кыйналганда, үн чыгарган жок. Ал союлуш үчүн жетеленип келген козу сыяктуу, кыркмачынын алдында үнсүз жаткан кой сыяктуу үн чыгарган жок. (Ыш.  53: 7)


Сырдын мөмөсү: **сыноолордогу чыдамдуулук.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

## Бешинчи кайгылуу сыр



Ыйса Машайактын айкаш жыгачка кадалышы

Ыйса болсо: «Ата, буларды кечире көр! Анткени эмне кылып жатышканын билишпейт», – деди. Аскерлер өкчөмө таш ыргытып, Анын кийимдерин бөлүп алышты. (Лк. 23: 34)

Бизге го туура өкүм чыгарышты, анткени биз кылган иштерибизге жараша жазабызды алып жатабыз. Бул болсо эч кандай жаман иш жасаган жок да» (...) Анан ал Ыйсага: «Ыйса! Өзүңдүн Ханчылыгыңа барганда, мени эстей көр», (...) Ыйса ага: «Мен сага чындыкты айтып коёюн, бүгүн сен Мени менен бейиште болосуң» (Лк. 23: 41-43)

Ыйса Энесин жана анын жанында турган сүйүктүү шакиртин көргөндө: «Аял! Бул сенин уулуң!» – деди. Андан кийин шакиртине. «Бул эми Сенин Энең болсун!» - деди. Ошол убакыттан баштап, ошол шакирти Ыйсанын Энесин колуна алды. (Жакан 19: 26-27)

Ыйса үнүн катуу чыгарып: «Ата, жанымды Сенин колуңа тапшырамын!» – деди. Ушинтип айткандан кийин, Ал жан берди. (Лк. 23: 46)

Кудай бул дүйнөнү абдан сүйгөндүктөн, Өзүнүн жалгыз Уулун берди. Кудай Аны Ага ишенген ар бир адам өлбөй, түбөлүк өмүргө ээ болсун деп берди. Кудай Өз Уулун бул дүйнөгө дүйнөнү соттош үчүн эмес, Ал аркылуу дүйнөнү куткаруу үчүн жиберди. (Жакан 3: 16-17)

Сырдын мөмөсү: **Кудайга болгон сүйүү жана жандардын куткарылышына болгон кызганыч.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Даңктан, Ханыша

Даңктан, Ханыша, Мээримдүү Эне, биздин жашоо, кубаныч жана үмүт, даңктан. Биз Сага жалынып, боздоп ыйлайбыз, Обо эненин балдары болуп, Сага онтоп, ыйлап, бул көз жаш толгон өрөөнүндө. Эй, биздин Шапаатчыбыз! Мээримдүү көздөрүңдү бизге буруп, бул куугундуктагандан кийин бизге түйүлдүгүң ичиндеги баталуу Ыйса-балаңды көрсөт. Оо жоошттук, оо мээрим, оо кубаныч, Мариям Кыз.

## Акыркы сыйынуу

Кудайым, Сенин Жалгыз Уулуң Өзүнүн өмүрү, өлүмү жана тирилүүсү менен түбөлүк куткарылууга жол ачты. Сенден суранабыз: бизди ушул Ыйык Мариям Кыздын ыйык Розарийиндеги сырлары жөнүндө ой жүгүртүү менен дагы берилген үлгүлөрдү аткарганга жана берген убадаларыбызды орундатканга ылайык болгудай кыла көр Машайак-Кудайыбыз аркылуу. Омийин.

# ШАРШЕМБИ, ЖЕКШЕМБИ

# ДАҢКТУУ СЫРЛАР

Айкаш белгисин жасап, төмөнкүлөрдү айтабыз:

Атабыздын, жана Уулусунун, жана Ыйык Рухтун атынан. Оомийин.

Теспедеги айкаш жыгачты өпкөндөн соң Розарийдин кириш сыйынуусу окулат:

Кудайыбыз Ыйса Машайак! Мен бул Ыйык Розарийди Сенин ысымыңдын данкы үчүн Сенин Ыйык Энеңдин наамына жана жандардын куткарылашына арнайм.

Анан Апостолдук ишеним символу окулат:

Ишенем Асман-жерди жараткан Кудуреттүү Кудай Атабызга, жана анын жалгыз Уулусуна, биздин Ханыбыз Ыйса Машайакка, Ыйык Рухтан бүткөн, Мариям кыздан төрөлгөн, Понтий Пилаттын учурунда азап тарткан, айкаш жыгачка керилген, өлгөн жана көмүлгөн. Тозокко түшүп үчүнчү күнү өгөндөрдөн тирилген, асманга көтөрүлүп, эми Кудуреттүү Кудай Атабыздын оң жагында отурган, ал жактан өлгөндөрдү жана тирүүлөрдү соттош үчүн келе турган. Ишенем Ыйык Рухка, Ыйык Католик Чиркөөсүнө, ыйыктардын мамилесине, күнөөлөрдүн кечирилишине, дененин тирилүүсүнө жана түбөлүк өмүргө. Оомийин.

**1 Асмандагы Атабыз**, **3 Шаттан, Мариям** окуп (ишенимдин, үмүттүн жана сүйүүнүн көбөйүүсү үчүн) кийин **1 Кудай Атабызга Даңк** окулат:

## Асмандагы Атабыз (Кудайга сыйынуу)

Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун. Сенин Ханчылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын. Күнүмдүк наныбызды бүгүн да берип, карыздарыбызды кечирип кой, биз да биздин карызкорлорубузду кечиргенибиздей. Азгырылышыбызга жол бербей, бизди жамандыктан сакта. Оомийин.

## Шаттан, Мариям (Периштелердин саламдашуусу)

Салам Мариям, Кудайдан ырайым тапкан кыз! Кудай сени менен! Аялдардын арасынан сен баталуусуң, түйүлдүгүң ичиндеги Ыйса-балаң да баталуу! Кудайдын Энеси, Ыйык Мариям, биз үчүн, күнөөкөрлөр үчүн азыр жана өлүм убагыбызда сыйынып тур. Оомийин.

## Кудай Атабызга Даңк

Атабызга, жана Уулусуна, жана Ыйык Рухка даңк, башталгандан бери, азыр да, жана ар дайым, түбөлүккө чейин. Оомийин.

---

## Биринчи даңктуу сыр



Ыйса Машайактын
тирилүүсү

Ишемби күнү өткөндөн кийин, жуманын биринчи күнү таң заардан магдалалык Мариям менен башка Мариям мүрзөнү көргөнү келишти. Ошол учурда катуу жер титирөө болду, анткени Кудайдын бир периштеси асмандан түшүп келди.

Ал мүрзөнүн оозундагы ташты жылдырып, таштын үстүнө отурду. (Мт. 28: 1-2)
Периште болсо аялдарга мындай деп кайрылды: «Коркпогула! Айкаш жыгачка кадалган Ыйсаны издеп жүргөнүңөрдү билем. Ал бул жерде жок. Өзү айткандай, Ал тирилди. Келип, Анын жаткан жерин карап көргүлө. Анан тезирээк барып, Анын шакирттерине: "Ал өлүп, кайра тирилди! Ал силерди Галилеядан тосуп алат, Аны ошол жерден көрөсүңөр", – деп айткыла. Силерге айтарым ушу». (...) Шакирттерге кабарлаганы бара жатышканда, Ыйса алардын алдынан чыгып: «Салам!» – деди. Алар жакын келип, Ыйсанын бутун кучактай жыгылып, Ага таазим кылышты. (Мт. 28: 5-9)

Ыйса ага: «Мага колуңду тийгизбе, анткени Мен али Атама көтөрүлүп кете элекмин. Бир туугандарыма барып, Менин Өз Атама – силердин да Атаңарга, Менин Өз Кудайыма – силердин да Кудайыңарга көтөрүлүп кетеримди айт!» – деди. (Жакан 20: 17)

Петир менен ошол шакирт дароо мүрзөгө бет алышты. (...) Анын артынан Шымон менен Петир жетип келип, мүрзөгө кирди. (...). Анан биринчи келген шакирт да мүрзөгө кирди. Ал көрүп ишенди. (Жакан 20: 3-8)

Ошол эле күнү кечинде, жуманын биринчи күнү, Ыйсанын шакирттери бир үйгө чогулуп, жүйүттөрдөн коркконduктан, эшиктерин бекитип алып отурушкан эле. Ошол учурда Ыйса келип, алардын ортосуна турду да: «Силерге тынчтык болсун!» – деди. (Жакан 20: 19)

Сырдын мөмөсү: **руханий жаңылануу.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Экинчи даңктуу сыр



Ыйса Машайактын асманга көтөрүлүүсү

Азап тартып өлгөндөн кийин, кырк күн ичинде Ыйса аларга көрүнүп, Кудайдын Ханчылыгы жөнүндө айтып, Өзүнүн тирүү экендигин көптөгөн далилдер аркылуу көрсөттү. (Ыйык Эл. Иштери 1: 3)

Бирок үстүңөргө Ыйык Рух түшкөндөн кийин, күч аласыңар да, Иерусалимде, бүт Жүйүт аймагында, Самарияда, атүгүл, бүт дүйнө жүзүндө Менин күбөлөрүм болосуңар». (Ыйык Эл. Иштери 1: 8)

Баргыла да, бардык элдерди Мага шакирт кылгыла. Аларды Атабыз, Уулусунун жана Ыйык Рухтун атынан бата кылып

жаңы киши кылгыла. Силерге буйругандарымдын бардыгын аткарууну аларга үйрөткүлө. Бул дүйнөнүн акырына чейин, бардык убакта Мен силер менен болом». (Мт. 28: 19-20)

Анан аларды шаардан чыгарып, Бетанияга жакын жерге ээрчитип келди да, колун жогор көтөрүп, аларга бата берди. Бата бергенден кийин, алардан бөлүнүп, асманга көтөрүлүп кетти. (Лк. 24: 50-51)

Бизди Машайак күтүп жатат. Ал эми биздин мекенибиз асманда. (Фил. 3: 20)

Сырдын мөмөсү: **Машайак менен асманда болуу каалоосу.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мариям**; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн. Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

## Үчүнчү даңктуу сыр



Ыйык Рухтун түшүшү

Элүүнчү күн майрамында алардын бардыгы бир жерге чогулушту. Бир маалда асмандан катуу шамалдын добушундай болгон добуш чыгып, алар отурган үйдүн ичин толтурду. Анан жалындай болгон тилдер бөлүнүп-бөлүнүп, алардын ар биринин үстүнө түштү. Ошондо бардыгы Ыйык Рухка толуп, Рух берген тилге жараша ар кандай тилдерде сүйлөй башташты. (...) Ошондо он бир апостолдун жанында турган Петир үнүн көтөрүнкү чыгарып, аларга мындай деди: (...) Акыркы күндөрдө мындай болот - дейт Кудай, "Мен ар бир адамдын үстүнө Өз Рухумду төгөм, ошондо уулдарыңар менен кыздарыңар пайгамбарчылык кылышат, жаш балдарыңар көрүнүш, карыяларыңар түш көрүшөт". (Ыйык Эл. Иштери 2: 1-17)

Ошондуктан, бүт Ысрайыл эли, так билип алгын: силер айкаш жыгачка кадаган ошол Ыйсаны Кудай Өзү Кудай жана Машайак кылды». (Ыйык Эл. Иштери 2: 36)

Ал мындан башка дагы көп сөздөр менен күбөлөндүрдү да: «Бул бузулган мууңдан сактангыла», – деп насаат айтты.
Ошондо анын сөзүн чын жүрөктөн кабыл алгандар сууга чөмүлдүрүлүштү. Ошол күнү аларга үч миңге жакын киши кошулду. (Ыйык Эл. Иштери 2: 40-41)

Ыйык Рухтун күчү менен үмүткө бай болушуңар үчүн, үмүт берүүчү Кудай силерди ишеним жолунда кубанычка жана тынчтыкка бөлөсүн. (Рим. 15: 13)

Сырдын мөмөсү: **Ыйык Рухтан келген белектер.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мариям**; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Төртүнчү даңктуу сыр



Мариямдын асман даңкына алынуусу

Адам атанын айынан баары өлүштү, ал эми Машайак аркылуу баары тирилишет. Ар бири өз кезеги менен тирилет: адегенде Машайак, Машайак келгенде, машайакчылар тирилишет. (Кор. 1-чи кат. 15: 22-23)

Анткени Кудай мурунтадан билген адамдарын Өзүнүн Уулуна окшош кылууну алдын ала белгилеп койгон. Анткени Ал бир туугандарынын тунгу болушу керек. Кудай кимдерди алдын ала белгилесе, ошолорду чакырды, чакыргандарын актады, актагандарын даңктады. (Рим. жаз. кат. 8: 29-30)

«Аялдардын арасынан сен баталуусуң, түйүлдүгүң ичиндеги Ыйса-балаң да баталуу!» (Лк. 1: 28)

Бүт турпатың келишкен, сүйгөн кызым, сенде эч кандай кемчилик жок! «Таңнурундай жаркыраган, ай сыяктуу суйкайган, күн сыяктуу жарык, туу көтөргөн кошуундай сүрдүү бул Ким?» (Ырл. Ыры 4: 7, 6: 10)

Ошол себептен жардам керек болгон убакта Анын мээримин көрүп, Андан ырайым табыш үчүн, ырайым тактысына кайраттуулук менен жакындайлы. (Евр. 4: 16)

Сырдын мөмөсү: **Ыйык Мариям Кыздын шапатына үмүт артуу.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

## Бешинчи даңктуу сыр



Мариямга асман даңкынын
таажысынын кийгизилиши

Боюңа бүтүп, Уул төрөйсүң, Анын ысымын Ыйса коёсуң. Ал улуу болот жана Бардыгынан Жогору Тургандын Уулу деп аталат. Кудай Ага атасы Дөөттүн тагын берет. Ал Жакыптын тукумуна түбөлүккө ханчылык кылат, Анын ханчылыгынын чеги болбойт». (Лк. 1: 31-33)

«Кудай Өз кулунун баш ийүүсүн көрдү» (Як. 1: 48)

Асмандан улуу жышаан: күн жамынган аял көрүндү. Анын бутунун астында ай, башында он эки жылдыздуу таажы бар экен. (...) Аял бардык элдерди темир таяк менен кайтара турган эркек бала төрөдү. Бала Кудайдын жана Анын тактысынын жанына көтөрүлүп кетти. (Аян 12: 1, 5)

Жардыларга алаканын ачат, муктаж болгондорго колун сунат. (...) Акылмандык менен сүйлөйт, момундук менен акыл-насаат айтат. ( Сулайман. Нак. Сөз. С 31: 20, 26)

Сырдын мөмөсү: **такыбалыкта жашоо каалоосу.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн. Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Даңктан, Ханыша

Даңктан, Ханыша, Мээримдүү Эне, биздин жашоо, кубаныч жана үмүт, даңктан. Биз Сага жалынып, боздоп ыйлайбыз, Обо эненин балдары болуп, Сага онтоп, ыйлап, бул көз жаш толгон өрөөнүндө. Эй, биздин Шапаатчыбыз! Мээримдүү көздөрүңдү бизге буруп, бул куугундуктагандан кийин бизге түйүлдүгүң ичиндеги баталуу Ыйса-балаңды көрсөт. Оо жооштук, оо мээрим, оо кубаныч, Мариям Кыз.

## Акыркы сыйынуу

Кудайым, Сенин Жалгыз Уулуң Өзүнүн өмүрү, өлүмү жана тирилүүсү менен түбөлүк куткарылууга жол ачты. Сенден суранабыз: бизди ушул Ыйык Мариям Кыздын ыйык Розарийиндеги сырлары жөнүндө ой жүгүртүү менен дагы берилген үлгүлөрдү аткарганга жана берген убадаларыбызды орундатканга ылайык болгудай кыла көр Машайак-Кудайыбыз аркылуу. Омийин.

# БЕЙШЕМБИ

# ЖАРЫК СЫРЛАР

Айкаш белгисин жасап, төмөнкүлөрдү айтабыз:

Атабыздын, жана Уулусунун, жана Ыйык Рухтун атынан. Оомийин.

Теспедеги айкаш жыгачты өпкөндөн соң Розарийдин кириш сыйынуусу окулат:

Кудайыбыз Ыйса Машайак! Мен бул Ыйык Розарийди Сенин ысымыңдын данкы үчүн Сенин Ыйык Энеңдин наамына жана жандардын куткарылашына арнайм.

Анан Апостолдук ишеним символу окулат:

Ишенем Асман-жерди жараткан Кудуреттүү Кудай Атабызга, жана анын жалгыз Уулусуна, биздин Ханыбыз Ыйса Машайакка, Ыйык Рухтан бүткөн, Мариям кыздан төрөлгөн, Понтий Пилаттын учурунда азап тарткан, айкаш жыгачка керилген, өлгөн жана көмүлгөн. Тозокко түшүп үчүнчү күнү өгөндөрдөн тирилген, асманга көтөрүлүп, эми Кудуреттүү Кудай Атабыздын оң жагында отурган, ал жактан өлгөндөрдү жана тирүүлөрдү соттош үчүн келе турган. Ишенем Ыйык Рухка, Ыйык Католик Чиркөөсүнө, ыйыктардын мамилесине, күнөөлөрдүн кечирилишине, дененин тирилүүсүнө жана түбөлүк өмүргө. Оомийин.

**1 Асмандагы Атабыз**, **3 Шаттан, Мариям** окуп (ишенимдин, үмүттүн жана сүйүүнүн көбөйүүсү үчүн) кийин **1 Кудай Атабызга Даң**к окулат:

## Асмандагы Атабыз (Кудайга сыйынуу)

Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун. Сенин Ханчылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын. Күнүмдүк наныбызды бүгүн да берип, карыздарыбызды кечирип кой, биз да биздин карызкорлорубузду кечиргенибиздей. Азгырылышыбызга жол бербей, бизди жамандыктан сакта. Оомийин.

## Шаттан, Мариям (Периштелердин саламдашуусу)

Салам Мариям, Кудайдан ырайым тапкан кыз! Кудай сени менен! Аялдардын арасынан сен баталуусуң, түйүлдүгүң ичиндеги Ыйса-балаң да баталуу! Кудайдын Энеси, Ыйык Мариям, биз үчүн, күнөөкөрлөр үчүн азыр жана өлүм убагыбызда сыйынып тур. Оомийин.

## Кудай Атабызга Даңк

Атабызга, жана Уулусуна, жана Ыйык Рухка даңк, башталгандан бери, азыр да, жана ар дайым, түбөлүккө чейин. Оомийин.

---

## Биринчи жарык сыр



Ыйса Машайактын Иорданда чөмүлдүрүлүшү

Бир нече жылдан кийин чөмүлдүрүүчү Жакан келип, Жүйүт жериндеги ээн талаада мындай деп жар сала баштады: «Тобо кылгыла! Анткени Асман Ханчылыгы жакындап калды». (Мт. 3: 1-2)

Мен силерди тобо кылуу чөмүлдүрүүсү менен сууга чөмүлдүрүп жатам, бирок менин артымдан Келе Жаткан менден күчтүү. Мен Анын бут кийимин көтөрүп жүрүүгө да татыксызмын. Ал силерди Ыйык Рухка жана отко чөмүлдүрөт. (Мт. 3: 11)

Кийинки күнү Жакан өзүн көздөй келе жаткан Ыйсаны көрүп: «Бул – Кудайдын курмандык Козусу, Ал дүйнөнүн күнөөсүн Өз мойнуна алат. (Жакан 1: 29)

Ошондо Ыйса Жакан тарабынан сууга чөмүлдүрүлүү үчүн, Галилеядан Иорданга келди. Жакан Аны токтотуп: «Мени Сен чөмүлдүрүшүң керек эле. А Сен болсо мага келе жатасыңбы?» – деди. Бирок Ыйса ага: «Азыр ушундай кылууга жол бер, анткени ар бир адилеттүү ишти ушундайча аткарышыбыз керек», – деп жооп берди. Ошондо Жакан Ага жол берди. Чөмүлдүрүлөрү менен Ыйса суудан чыкты. Ошол учурда (Жакан) асмандын ачылганын жана Кудайдын Рухунун көгүчкөн сыяктуу Ага түшүп келе жатканын, Анын үстүнө түшкөнүн көрдү. Ошондо асмандан «Бул Менин сүйүктүү Уулум, Мен Ага ыраазымын» деген үн угулду. (Мт. 3: 13-17)

Сырдын мөмөсү: **ыйман белеги үчүн.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

## Экинчи жарык сыр



Каана Галилеядагы
керемет

Эки күндөн кийин Галилеядагы Каана шаарында үйлөнүү тою болду. Ыйсанын энеси ошол жерде болчу. Ыйса да шакирттери менен бирге тойго чакырылды.
Шарап жетпей калганда, энеси Ыйсага: «Шараптары түгөнүп калыптыр», – деди. Ыйса ага: «Сен экөөбүздүн ишибиз эмне, аял! Менин убагым али келе элек», – деди.
Энеси кулдарга: «Ал силерге эмнени айтса, ошону кылгыла», – деди. Ошол жерде жүйүттөрдүн тазалануу расмисин аткарууга арналган, эки-үч ченем суу баткан алты таш идиш турган эле. Ыйса кулдарга: «Идиштерге суу толтургула», – деди. Кулдар идиштерге мелт-калт кылып суу толтурушту. Андан кийин аларга: «Эми сузуп алгыла да, той башкаруучуга алып баргыла», – деди.
Алар алып барышты. Той башкаруучу шарапка айланган суудан татып көргөндөн кийин, (ал шараптын кайдан экенин билген жок, аны суу сузуп алган кулдар гана билишчү), күйөөнү чакырып: «Элдин баары адегенде шараптын жакшысын беришет, коноктор кызып калгандан кийин, начарын беришет. Сен болсо шараптын жакшысын ушул убакка чейин сактап коюптурсуң», – деди. Ошентип, Ыйса Галилеядагы Каанада Өзүнүн эң алгачкы кереметин жасап, Өзүнүн даңкын көрсөттү. Ошондо шакирттери Ага ишенип калышты. (Жакан 2: 1-11)

Сырдын мөмөсү: **никедеги сүйүү жана өзүн курмандыкка берүү.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мариям**; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Үчүнчү жарык сыр



Асман Ханчылыгы жөнүндө наасат жана тобо кылууга чакырык

Жакан камакка алынгандан кийин, Ыйса Галилеяга келип, Кудайдын Ханчылыгы жөнүндө жар салып: «Убакыт келди, Кудайдын Ханчылыгы жакындап калды. Тобо кылгыла, Жакшы Кабарга ишенгиле» - деди. (Мк. 1: 14-15)

Ыйса булардын баарын элге үлгү-насаат аңгемелер менен айтты. Ал үлгү-насаат аңгемесиз сүйлөчү эмес. Пайгамбар аркылуу айтылган сөздүн аткарылышы үчүн ушундай болду: «Менин оозумдан накыл сөздөр чыгат. Дүйнө жаратылгандан бери жашыруун болуп келе жаткан сырларды айтып берем». Анан Ыйса аларга: «Кимдин кулагы бар болсо, ал уксун!» – деди. (Мт. 13: 34-35)

«Кулак салгыла! Себүүчү үрөн себүү үчүн чыкты. Ал сээп жатканда, кээ бир үрөндөр жол боюна түштү. Ошондо канаттуулар учуп келип, аларды терип жеп кетишти. Кээ бир үрөндөр топурагы аз, таштак жерге түштү. Жердин кыртышы жука болгондуктан, алар тез эле өнүп чыкты. Бирок күн чыгары менен соолуп, терең тамырлай албай куурап калды. Кээ бир үрөндөр тикенектердин арасына түштү. Тикенектер өсүп, аларды басып салды, ошондуктан алар түшүм берген жок. Кээ бир үрөндөр болсо жакшы топуракка түштү. Өнүп чыгып, өсүп, түшүм берди. Кээ бири отуз эсе, кээ бири алтымыш эсе, кээ бири жүз эсе түшүм берди». (Мк. 4: 3-9)

Сырдын мөмөсү: **тобо кылуу.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

## Төртүнчү жарык сыр



Фавор тоосунда Кудайдын
көрүнүшүн өзгөрүлүш

Бул сөздөрдү айткандан кийин сегиз күндөй өткөн соң, Ыйса Петирди, Жаканды, Жакыпты ээрчитип, сыйынуу үчүн, тоого чыкты. Сыйынып жатканда, Анын жүзү өзгөрүп, кийими аппак болуп, жаркырап калды. (Лк. 9: 28-29)

Анан аларга Ыйса менен сүйлөшүп жаткан Муса менен Илияс көрүндү. Ошондо Петир Ыйсага мындай деди: «Кудай! Бул жерде болгонубуз жакшы экен. Эгерде кааласаң, бул жерге үч алачык тургузалы: Сага бирди, Мусага бирди, Илияска бирди». Петир сүйлөп жаткан учурда, жаркыраган бир булут аларды каптап калды. Анан булут ичинен «Бул Менин сүйүктүү Уулум, Мен Ага ыраазымын. Аны уккула!» деген үн чыкты. Муну укканда, шакирттер коркуп кетишип, жүзтөмөндөп жыгылышты. Ыйса аларга жакын келип, колун тийгизип: «Тургула, коркпогула!» – деди. Алар баштарын көтөрүп, Ыйсадан башка эч кимди көрүшкөн жок. Тоодон түшүп келе жатышканда, Ыйса аларга: «Адам Уулу өлүп, кайра тирилгенге чейин, бул көрүнүш жөнүндө эч кимге айтпагыла», – деди. (Мт. 17: 1-9)

Сырдын мөмөсү: **Машайактын жаркыроосун дүйнөгө алып жүрүү.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мариям**; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Бешинчи жарык сыр



Евхаристиянын сырынын орнотулушу

(Евхаристия — грек тилинен алынып ыраазычылык, ак бата дегенди түшүндүрөт, шарап менен нанды бөлүү, Ыйсанын кечки тамагы)

Мен асмандан түшкөн тирүү нанмын. Бул нанды жеген адам түбөлүк жашайт. Мен бере турган нан – бул Менин Денем. Мен аны адамзаттын өмүрү үчүн берем». (Жакан 6: 51)

Ыйса болсо аларга мындай деди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, Адам Уулунун Денесин жеп, Канын ичпесеңер, өмүргө ээ болбойсуңар. Ким Менин Денемди жеп, Канымды ичсе, ал түбөлүк өмүргө ээ, Мен аны акыркы күнү тирилтем. Анткени Менин Денем – чыныгы азык, Каным – чыныгы суусундук. Денемди жеп, Канымды ичкен адам Менин ичимде болот, Мен анын ичинде болом. Тирүү Атам Мени жиберип, Мен Ал аркылуу жашап жаткандай эле, Менин Денемди жеген адам Мен аркылуу жашайт. Асмандан түшкөн бул нан ата-бабаларыңар жеген маннадай эмес, манна жеген алар өлүштү. Ал эми бул нанды жеген адам түбөлүк жашайт». (Жакан 6: 53-58)

Пасах козусу союла турган Ачыткысыз нан майрамы келди. Ошондо Ыйса: «Барып, бизге Пасах тамагын даярдагыла», – деп, Петир менен Жаканды жөнөттү. (Лк. 22: 7-8)

Ошондо Ыйса аларга: «Азап тартарымдын алдында Мен ушул Пасах тамагын силер менен бирге жегенди аябай каалаган элем. Анткени силерге айтып коёюн, Пасах тамагын Кудайдын Ханчылыгында жей турган убакыт келгенге чейин, мындан ары Мен аны силер менен жебейм», – деди. Анан Ал чөйчөктү колуна алып, Кудайга ыраазычылык билдирди да, аларга: «Муну алып, өз ара бөлүшүп ичкиле. Анткени Кудайдын Ханчылыгы келгенге чейин, Мен мындан ары жүзүм ширесин ичпейм», – деди. Анан нанды алып, Кудайга ыраазычылык билдирди. Аны сындырып, шакирттерине берип жатып: «Бул нан – силер үчүн бериле турган Менин Денем. Муну Мени эскерүү үчүн жегиле», – деди. Кечки тамактан кийин чөйчөктү да алып, мындай деди: «Бул чөйчөк – силер үчүн төгүлө турган Менин каным менен бекитиле турган жаңы келишим. (Лк. 22: 15-20)

Бул нандан жеп, бул чөйчөктөгү шараптан ичкен сайын, Кудай келгенге чейин, силер Анын өлүмү жөнүндө жарыялайсыңар. (Кор. 1-чи кат. 11: 26 )

Сырдын мөмөсү: **Ыйык Евхаристия аркылуу.**

**1 Асмандагы Атабыз**; **10 Шаттан, Мария**м; **1 Кудай Атабызга Даңк...**

Оо Мариям, биринчи күнөөсүз боюна бүткөн! Кудайга биз үчүн сыйынып тур, Сага келгендер үчүн.

Оо ырайымдуу Ыйса! Биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечир, бизди тозоктун отунан куткар жана асманга бардык жандарды алып кел, өзгөчө Сенин ырайымыңа көбүрөөк муктаж болгондорду. Оомийин.

---

## Даңктан, Ханыша

Даңктан, Ханыша, Мээримдүү Эне, биздин жашоо, кубаныч жана үмүт, даңктан. Биз Сага жалынып, боздоп ыйлайбыз, Обо эненин балдары болуп, Сага онтоп, ыйлап, бул көз жаш толгон өрөөнүндө. Эй, биздин Шапаатчыбыз! Мээримдүү көздөрүңдү бизге буруп, бул куугундуктагандан кийин бизге түйүлдүгүң ичиндеги баталуу Ыйса-баланды көрсөт. Оо жоошток, оо мээрим, оо кубаныч, Мариям Кыз.

## Акыркы сыйынуу

Кудайым, Сенин Жалгыз Уулуң Өзүнүн өмүрү, өлүмү жана тирилүүсү менен түбөлүк куткарылууга жол ачты. Сенден суранабыз: бизди ушул Ыйык Мариям Кыздын ыйык Розарийиндеги сырлары жөнүндө ой жүгүртүү менен дагы берилген үлгүлөрдү аткарганга жана берген убадаларыбызды орундатканга ылайык болгудай кыла көр Машайак-Кудайыбыз аркылуу. Омийин.

## Биз Сенин коргооңо таянабыз

Биз Сенин коргооңо таянабыз, Кудайды төрөгөн Ыйык Эне. Даңктуу жана ыйык Кыз, кайгыларыбызда биздин тиленүүлөрүбүздү четке какпа, бирок бизди ар дайым баардык коркунучтардан сакта.

Биздин Чексиз укуктуу кожоюн айымыбыз, Коргоочубуз, Коруучубуз, бизди Уулуң менен элдештир, бизди Уулуңа тапшыр, баарыбызды Уулуңа жеткир. Оомийин.

AD MAJOREM DEI GLORIAM

Бул Ыйык Розарийдин сыйынуу китеби Кыргызстандын Католик Апостолдук администрациясындагы ыймандуулар үчүн чыккан.

Графика:

Графикалык сүрөттөр Freepik, Envato Elements веб-сайттарларынан алынган.

www.catholic.kg